**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**

**МАНАС ШААРДЫК ДЕПУТАТТАР КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**

**МАНАССКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ**

**«16»-февраль 2026-жыл**

**X чакырылыш**
**кезектеги XXIII сессия**

**ТОКТОМ** **№2** **ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

**“Манас шаарынын 2026-2030-жылдарга социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасын” бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамынын 34-беренесинин 2-пунктунун 3-пунктчасына ылайык, жана Манас шаарынын мэриясынын 11.02.2026-жылдагы чыг.№01-18/764 сандуу каты Манас шаардык депутаттар кеңешинин социалдык-укуктук маселелер, мыйзамдуулук, депутаттык этика, ишмердүүлүк, партиялар, коомдук уюмдар жана жаштар иштери, туризм, спорт боюнча туруктуу комиссиясынын отурумунда каралып, комиссиянын корутундусуна ылайык, Манас шаардык депутаттар кеңешинин кезектеги XXIII сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. “Манас шаарынын 2026-2030-жылдарга социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасы” бекитилсин.
2. Манас шаарынын мэриясына өз ишмердүүлүгүндө жогоруда бекитилген Манас шаарынын 2026-2030-жылдарга социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасын ишке ашыруу үчүн иш-аракет жүргүзүү жагы милдеттендирилсин.
3. Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине мамлекеттик реестрге киргизүү жагы шаардык кеңештин башкы адисине (Г.Осмонова) милдеттендирилсин.
4. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы шаардык мэриясына милдеттендирилсин жана аткарылышы тууралуу бир жылда бир жолудан кем эмес шаардык кеңештин сессиясында отчет берүү жагы шаар мэрине (Э.Ормоков) жүктөлсүн.
5. Ушул токтом Манас шаардык депутаттар кеңешинин www.manas-kenesh.gov.kg расмий сайтында жарыялангандан тартып күчүнө кирет.

**Төрага** **Болотов Н.Б.**